Алимбеков А.

# КЫРГЫЗ КЫЗДАРЫНЫН САЛТТЫК КИЙИМДЕРИНИН ЭСТЕТИКАЛЫК ТАРБИЯЛЫК ФУНКЦИЯЛАРЫ

Алимбеков А.

# ЭСТЕТИКО-ВОСПИТАТЕЛЬНЫЕ ФУНКЦИИ ТРАДИЦИОННОЙ ОДЕЖДЫ КЫРГЫЗСКИХ ЖЕНЩИН

Alimbekov A.

# AESTHETICAL EDUCATIONAL FUNCTIONS OF TRADITIONAL CLOTHING OF KYRGYZ WOMEN

УДК: 37.013.42

Сунушталган макалада кыргыз кыргыздардын аял затына таандык улуттук кийим кечелеринин эстетикалык тарбиялык функциялары изилдөөгө алынган. Кыргыз эл педагогикасындагы эстетикалык тарбиялоо баалуулуктарын изилдөө буга чейинки этнопедагогикалык изилдөөлөрдөгү методологиялык жоболорду, методдорду, айрым тажрыйбаларды эске алуу зарылдыгын шарттады. Макалада кыргыздарда кыз-келиндеринин чачынын жана дене мүчөлөрүнүн көрктүүлүгүн арттыруу менен бирдикте аларды эстетикалык жактан тарбиялоо фунциясын аткарган чачучтуктар, күмүштөн жасалган чолпулар, кулак сөйкөлөр, мончок, шуру, бой тумарлар кызыл чыптама, тик жака, кош этек көйнөк, «такыя топу» тебетейлер, шөкүлөлөр тууралуу сөз болот. кыргыз аялдарынын эстетикалык аң-сезимин тарбиялоодо улуттук костюмдун элементтери маанилүү роль ойногон, алар кооздукту гана жаратпастан, социалдык жана маданий таандыктыктын символу катары кызмат кылган. Бул кийимдер жана аксессуарлар каада-салттар, Сулуулук нормалары жана адамдын жаратылыш жана руханий дүйнө менен болгон мамилеси жөнүндө билим берген. Мындай образдар жана символизм аркылуу эстетика, маданий баалуулуктарды урматтоо жана гармония сезими пайда болду.

Ачкыч сөздөр: кыргыз, улуттук, кыздар, салт, кийим эстетика, тарбия

В предлагаемой статье изучены эстетико-воспитательные функции вечеров национального костюма, принадлежащих кыргызским женщинам. Изучение ценностей эстетического воспитания в кыргызской народной педагогике заставило принять во внимание метолологические положения, методы и некоторый опыт предшествующих этнопедагогических исследований. В статье утверждается что у кыргызских женщин прически, серебряные серьги, серьги, ожерелья, амулеты, красная чыптама, тебетей, шөкүлө, “такыя топу” платье с двойным подолом не только служила для подчеркивания красоты женских волос и частей тела, а также для эстетического воспитания. Важную роль в воспитании эстетического восприятия у кыргызских женщин играли элементы национального костюма, которые не только украшали, но и служили символами социальной и культурной принадлежности. Эти предметы одежды и аксессуары передавали знания о традициях, нормам красоты и взаимосвязи человека с природой и духовным миром. Через такие образы и символику происходило формирование чувства эстетики, уважения к культурным ценностям и гармонии.

Ключевые слова: кыргызы, национальность, девушки, традиции, одежда, эстетика, образование.

In the proposed article, the aesthetic educational functions of the national dress evenings belonging to the Kyrgyz women were studied. The study of the values of aesthetic education in the Kyrgyz folk pedagogy made it necessary to take into account the methodological provisions, methods, and some experiences of the previous ethnopedagogical studies. In the article, in the Kyrgyz women, hairdos, silver earrings, earrings, necklaces, necklaces, amulets, which serve to enhance the beauty of women's hair and body parts, as well as to educate them aesthetically, wear red tsiptama, stand-up collar, double hem dress, "takiya top". An important role in fostering aesthetic perception among Kyrgyz women was played by elements of the national costume, which not only decorated, but also served as symbols of social and cultural affiliation. These garments and accessories conveyed knowledge about traditions, norms of beauty, and the relationship of man with nature and the spiritual world. Through such images and symbols, a sense of aesthetics, respect for cultural values, and harmony were formed.

Key words: Kyrgyz, national, girls, tradition, clothing, aesthetics, education

Кыргыздын улуттук кийимдери негизинен жынысына (аялдыкы, эркектики), жаш курагына (наристелердики, балдардыкы, кыздыкы, уулдуку) жана арналышы боюнча майрамдык, үйдө, үйлөнүү тоюнда, аза күтүүдө, аңчылык кийимдерине, жыл маалына (кышкы, жайкы) жараша бөлүнгөн. Башка элдер сыяктуу эле кыргыздар балдарды эстетикалык жактан тарбиялоо алардын сымбаттуу, жарашыктуу

кийинүүсүнөн башталарына маани беришкен. Кыргыздардын улуттук кийим кечелеринин эстетикалык чен-өлчөмдөрүндө көчмөн турмуштун шарт ыңгайлары жана этностун кулк-мүнөзү, салт-санаасы, үрп-адаты, ой жорумдары, дүйнө тааным маданиятынын баалуулуктары толук сакталган [1]. Улуттук кийим-кече бүтүндөй улуттун, ошондой эле анын өкүлү болгон жеке адамдын руханий-эстетикалык маданиятынан кабар берүүчү экинчи турпаты. Кыргыз түшүнүгүндө эң жакшы кооз кийим тоолуу шартта ысык, суукtan ишенимдүү коргоого, ат үстүндө ары-бери жүргөндө жеңил жана ыңгайлуу болушу шарт. Демек, кыргыздардын түшүнүгүндө пайдалуу, ыңгайлуу кийим гана жакшы, кооз кийим. Ошондуктан, улуулар балдарга кийим тандоодо «сырты жалтыракка» азгырылбай «сулуусунан жылуусуна» б.а. көмүскө сапаттарына көңүл буруууну нускашкан. Ошону менен бирдикте, кийимдин башкы касиети адамдын келбетине, сөөлөтүнө сөөлөт кошуу экендигин көңүлгө тутуп ар бир адамдын жынысына, жаш курагына шайкеш жарашыктуу кийинишин талап этишкен. Башкача айтканда, кыргыздар асем кийим-кечеге коюлган талаптарды эстетикалык тарбиялоонун шарттарынын бири катары карашкан.

Кыргыздар өздөрүнүн салттык педагогикалык ишенимдерине ылайык адамдын кооздук, сулуулукка болгон табити өзүнүн дене-боюн таза кармап, тыкан, жарашыктуу кийинүүдөн башталат деп балдарда бул көндүмдөрдү кичинекей чагынан өнүктүрүүгө аракет кылышкан. Бул ишти чын ыкластуу аркалаган энелерди «Балдарынын кирпигине кир жугузбай таза бапестеп багып, тарбиялап келет» – деп алкашкан.

Изилдөөнүн материалы жана методдору

Көчмөндөрдүн руханий жашоосунун салттуу аң-сезиминин духун кайра түзүп чыгуу үчүн кийимдердин жана ырым-жырымдардын негизги түрлөрүн реконструкциялоо методу колдонулду. Элдин салттуу менталитетинин, ырым-жырымдарынын, кийим-кечелеринин себеп-натыйжа байланыштарын аныктоо үчүн тарыхый талдоо жана оозеки тарых методдору колдонулду.

Кийимдерди жана каада-салттарды реконнструкциялоо процесси интервью методуна негизделди. Кийим кечелердин эстетикалык тарбиялык функцияларын айкындоодо аксиологиялык метод колдонулду.

Изилдөөнүн натыйжалары жана аларды талкуулоо.

Салттуу кыргыз коомунда ар кандай кийим адамдын социалдык статусун, гендердик ролдук өзгөчөлүктөрүн, курактык баскычтарын туура туюндуруучу эн белги катары кызмат аткарган. Ар кандай улуттук кийим көптөгөн токуу, кештелөө, оймолоо, өрүү, зергерчилик сыяктуу салттуу кол өнөрчүлөрдүн, элдик тарбиячылардын чыгармачылык эмгегинин туундусу.

Кыз балдардын бой-башына гендердик аспекттен кароо жана ага байланыштуу өзүн көзгө толумдуу, келишимдүү алып жүрүүсү үчүн кам көрүү анын эрте жашынан эле башталган. Алсак, 7-8 жашка чыккан «секелек» кезинен баштап алардын чачын кырдырышкан эмес, тескерисинче өстүрүп, өрүп, жакшы күтүүгө үйрөтө башташкан. Кез кезде гана чачы коюу, көмүрдөй капкара өссүн деп тегерек-четин устара менен кырдырып төбө чачын гана калтырышып бир өрүм кылып байлап коюшкан. Хадисинде чач аял затынын көркүн, сымбатын, келишимдүүлүгүн арттыруучу негизги каражат катары кабылданган. «Секелек кыз» этабында балдардын кийиминин ыңгайлуулугуна, жарашыктуулугуна гана карашып, көркөмдөөгө атайылап көңүл бөлүшкөн эмес. Бирок, кулагын көзөтүп сырга, мойнуна шуру, чачына көк мончок тагышкан. Кыздын кулагынан алгач көзөп, сөйкө салганда үч бурчтуу күмүш сөйкө салган. Анын формасы туштуктун жүрөкчөсү, аяк каптын, баштыктын жапкылары шырдактын көркөм оюулары менен окшош болгон.

Кыргыз кийим-кечелеринин көркөм-эстетикалык функциясы кийимдин адамга жарашыктуулугу тууралуу эстетикалык идеалга негизделет. Эстетикалык идеал түшүнүгүндө эстетикалык табит түшүнүгү маанилүү роль ойнойт. Салттуу маданиятта табит түшүнүгүндө кооздукка караганда салттык адеп-ахлактык баалуулуктар басымдуу кылат.

Кыздардын кийим-кечесин өзгөчө асемдөө беш көкүл (15-17) кезинен башталат. Беш көкүл – бул бой тартып, болукшуп, өз боюн өзү түзөп, арка чачы алты, жаак чачы сегиз өрүм, тал-тал көрүнүп калган кыз. Илгерки замандарга таандык ашыктык ырларында өрүм чач кыздарды чырайына чыгарган өзгөчө кубулуш катары ортого чыккан.

Арка чачың куладай,
Беш көкүлүң Токтожан
Бар жибектин талындай.
Он көкүлүң Токтожан,
Орогон жибек талындай.

Бойго жеткен кыздардын беш көкүл чачы чар-тарапты суктантып турган бөтөнчө кооздук экендиги азыркы мезгилге таандык төмөнкү ыр саптарда да белгиленет:

Беш көкүлүң тарашып,
бешенеңе жарашып.
Күндөн күнгө биз эмес,
ай жылдыздар карашып.

Тарыхы жана маданияты тектеш алтайлыктардын өткөн доорлордогу маданиятында 14 жаштан ашкан кыздардын өрүм чачтары анын бойго жеткен курагынан кабар берген. Алар кыздардын чачтарына «Шаңк» аттуу сегиз жиптен турган мончокторду байлап кооздошкон. 14 жашка чыккан кызга өрүмгө өзгөчө жасалга – «шанктар» токулган. Шанктар – бул кыздын нике курагына жеткенинин белгиси. Мончоктордун акыркы сабы калгандарынан эки эсе узун болуп алардын учтарына кичинекей коңгуроолор байланган. Алардын байыркы ишенимдерине ылайык, коңгуроо сымал шаңгырак добуш кыздын турмушка чыга элек арууулугун эскертип жиндерди кубалап турат. «Шанктуу бала» түшүнүгү ыйыктыкты, тазалыкты туюндурган жана бул курактагы кыздардан жүрүм-турумдун белгилүү бир нормаларын сактоону талап кылган. Демек, чачтын кыз балдардын келишимдүүлүгүн, сымбаттуулугун арттыруучу касиети байыркы жалпы түрк элдерине таандык орток эстетикалык маданият экендигин тастыктап турат.

Чачтын сулуулугунун критерийи анын коюлугу жана тыгыздыгы, узундугу болгон. Чачы жер чийген кыздар айланадагылардын суктануусун жараткан. Чачы узун кыз-келиндерди улуулар алкашып батасын беришкен. Косметикалык максатта чачты айран суу менен жуушчу, бул аны жалтыратып жибектей жумшак кылган. Ушул эле максатта, үй шартында чөптүн күлүн малдын майына кайнатуу аркылуу жасалган самын колдонушкан. Кыздын бактысы суу менен кошо калкып кетет деген ишеним менен жаш кыздарга чачтарын агын сууга жууганга катуу тыюу салынган. Чачка жалпысынан өтө кылдаттык менен мамиле кылышкан. Түшүп калган чачтар эч качан ыргытылбай аяр сакталган.

Кыргыздарда кыз-келиндеринин чачынын жана дене мүчөлөрүнүн көрктүүлүгүн арттыруу үчүн ак жиптен же ак кебезден чыйратылып жасалган чачучтуктар; күмүштөн жасалган чолпулар, кулак сөйкөлөр, мончок, шуру, бой тумар ж.б. колдонулган.

Бул курактагы кыздардын көркүнө көрк кошкон кийимдердин катарына кызыл чыптама, тик жака, кош этек көйнөк кирген. Алар бойго жеткен кыздарды көгүчкөн төштөнтүп, этеги жайылып укмуштай жарашык берип дене мүчөсүн сымбаттуу, келишимдүү көрсөткөн. Кыз чыптама, көйнөк менен топу киет. Аны «такыя топу» дейбиз. Боз үйдүн түспөлүн элестеткен буга үкү тагылат [2, 252].
Кыздардын көркөмдүү келишимдүүлүгүн арттырууда түрдүү кездемелерден жасалган тебетейлер өзгөчө эстетикалык функцияны аткарган. С.М. Абрамзон кыздар кийген тебетейлердин бир катарын бөлүп көрсөткөн: «Бойго жеткен жана кичинекей кыздар эркектердин тебетейине окшош баш кийим кийишет, анын кыры «кундуз» же көрпө болот да, төбөсү кызыл же көк баркыттан тышталган. 10-11 жаштан тартып кыздардын тебетейлерине сөзсүз түрдө үкүнүн тал жүнүн тагып коюшат» [3, 611].

Жогоруда белгиленгендей, шөкүлө кымбат асем заттардын курамы менен шөкөттөлүп, наркы кымбат болгондуктан, аны салтанаттуу күндөрдө, майрамдарда гана кийишкен. Айрым маалыматтар боюнча, ал кыз узатуу тойлорунда гана кийилген. Энеси кызга бак-таалай тилеп анын такыясын чечип ордуна шөкүлө кийгизген. Шөкүлө өтө кооз болгону менен аны кийип иш кылуу ыңгайсыз болгон. Ошондуктан, келин болуп келгендин эртеси эле аны чечип ак жоолук салынган. Шөкүлөнү кымбат, кооз көркөм өнөр, чеберлер тарабынан даярдалган ары ак жолтой, ары кымбат жана кооз баш кийим катары өзүнүн сиңдисине белек катары жөнөткөн. Арийне, ак жоолукту турмушка чыга электе салына башташкан. Бирок, кыз кезинде жоолугун артын карай байласа, кайын журтунун босогосун аттар замат көкүрөгүн, жүзүн жабуу максатында ээгин ороп байлаган. Ак жоолуктун башатында салттык баалуулуктар тургандыктан, аны салынса келишимдүү келиндер да серт аял катары кабылданган. Ак жоолукту түшпөй салынып жүрүү, ак жоолугу менен улуулар алдында жүгүнүп ызаат көрсөтүү аял затынын адеп-салтка, ыйманга бекемдигинин көрсөткүчү катары кабылданган. Мындай ыйманы ысык келиндерге улуулар «Ак жоолугуң башыңан ообасын, Алганың менен тең кары» – деп бата берип алкашкан.

Кыргыз кыз-келиндери зирек акылы, сыпайы мүнөзү, ички ыйбаасы, жароокер мамилеси, жөн билгилиги менен башка журттун элин өз бооруна тартып «суудай сиңип кетиши» анын арууулугун арттырып, ажарына ажар кошсо дене боюндагы зер буюмдарынан чыккан билинер-билинбес шыңгыраган добуштары, ийкемдүү кыймылы анын сымбатына сымбат кошуп, жаңы конушта өзгөчө эстетикалык таасир жараткан. Секелек жана беш көкүл кыздар дал ушундай келиндерди карап түздөнүп, үлгү тутуп таалим алышкан.

Келин болуп бир канча балалуу болгон же байбиче куракка жетип кадыр-нарк күткөн аялдардын сымбатын «ак элечексиз» элестетүүгө мүмкүн болбогон. Айтматов бул тууралуу «Чоң энемдин башынан ак элечек түшчү эмес. Биздин калк каадасына караганда мындай элечекти бир үйдүн нарктуу-салттуу

байбичеси гана кие алат эмеспи» – деп жазган [4, 35].

«Элечек кыргыздардын көчмөн турмушунда чоң мааниге ээ болгон. Көчүп-конуу мезгилинде ысык-суукتан, шамалдан сактап, жолдо кырсыктап калганда кездеме катарында пайдаланылып, адам каза болуп калса кепиндин кызматын аткарган. Ошону менен бирдикте, ар бир курактагы аял заты ошол курактын өзгөчөлүктөрүнө ылайык ак элечек кийгенде гана чырайына чыккан. Өзгөчө сымбатын сактоого аракет кылган жаш колукту зайыптар кийген «шуру тартма элечектер» «...күмүш калдыркан, күмүш желбирөөчтөр менен да чебер кооздолуп, укмуштай кыргакталып» [ 5, 28] өзгөчө эстетикалык чен-өлчөмдөргө негизделген.

Аял киши чачын эки өрүм кылып оруп, кайра алардын учун бириктирип, ага ачкыч, тыйын сыяктуу шылдыраган кооздуктарды тагып, кооздоп койсо, кыздар чачын көптөгөн майда өрүмдөргө оруп, бермет, мончок, шурулар менен кооздоп коюшкан.

Кийимдердин атайылап кооздолуп, шөкөттөлүшү жагынан кыз-келиндердин кийим-кечелери өзгөчөлүккө ээ болгон. Кыздар кундуз, суусар, көрпө тебетей кийишкен. Кундуз, суусар тебетейди колунда барлардын кыздары кийсе, шарты жоктор кыздарына көрпөдөн тигип беришкен. Кыздардын тебетейинин тышы кызыл манат, баркыт менен тышталып, чокусуна үкүнүн канаты, айрым учурда чоң чачы тагылган.

Ошентип көчмөн кыргыз коомунда кыз келиндердин кийим кечеги көп кырдуу функцияларды анын ичинде эстетикалык жана этикалык жактан тарбиялоонун милдетин аткарган.

Адабияттар:

1. Алимбеков А. Кыргыз эл педагогикасындагы эстетикалык тарбия. –Б.; «Улуу Тоолор», 2023. – 184 б.
2. Акматалиев А. Кыргыздын кол өнөрчүлүгү. - Бишкек: Кыргызстан, 1996. - 328 б.
3. Абрамзон, С.М. Кыргыз жана Кыргызстан тарыхы боюнча тандалма эмгектер. – Бишкек: Фонд Сорос-Кыргызстан,1999 .-896 с
4. Айтматов Ч. Балалык: Автобиографиялык эскерүүлөр./Түз. М. Айтматова. –
5. Кочкунов А.С. Кыргыздын элдик кийимдери. Альбом наанг., кырг., турецк. яз. К.И. Антипина, А.С. Кочкунов. - Анкара:Түрк тарых коому.-2004.-2 1 2 с.